**ЧЫГЫШ ТААНУУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ**

ВОПРОСЫ ВОСТОКОВЕДЕНИЯ

ISSUES OF ORIENTAL STUDIES

**e-ISSN: 1694-8653**
№2/2023, 48-53

**УДК:**
**DOI:** 10.52754/16948653_2023_2_7

# ТӨЛӨГӨН КАСЫМБЕКОВДУН ТАРЫХЫЙ РОМАНЫНДАГЫ НҮЗҮП МИҢ БАШЫНЫН ИНСАНДЫК РОЛУ

ЛИЧНОСТНАЯ РОЛЬ НУЗУПА МИҢ БАШЫ В ИСТОРИЧЕСКОМ РОМАНЕ ТӨЛӨГӨНА КАСЫМБЕКОВА

THE PERSONAL ROLE NUZUP MINBASHI IN THE HISTORICAL NOVEL BY TOLOGON KASYMBEKOV

**Токтогулова Гулжамал Тыныбековна**
*Токтогулова Гулжамал Тыныбековна*
*Toktogulova Gulzhamal Tynybekovna*

**к.ф.н., доцент, Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети**
*к.ф.н., доцент, Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова*
*Candidate of Philosophical Sciences, Associate Professor, Jalal-Abad State University named after B. Osmonov*
toktogulova.72@mail.ru

# ТӨЛӨГӨН КАСЫМБЕКОВДУН ТАРЫХЫЙ РОМАНЫНДАГЫ НҮЗҮП МИҢ БАШЫНЫН ИНСАНДЫК РОЛУ

**Аннотация**

Бул илимий макалада саясий инсандардын коомго, тарыхка таасир этүүсүнүн маңызын ачуу аракети жасалды. Башкаруучулук сапатка ээ ар бир инсан, мыйзам ченемдүү өнүгүүнү жокко чыгарбастан, тарыхый жараянга таасир этүүсү автор тарабынан белгиленди. Инсандын тарыхтагы ордун аныктоо маселеси, Төлөгөн Касымбековдун «Сынган Кылыч» тарыхый романынын негизги каармандарынын бири Нүзүп миңбашынын мисалында анализденди. Автор тарабынан Нүзүп миңбашынын адабияттагы жана тарыхтагы реалдуулугу белгиленди. Ошондой эле инсан тарыхтын өзгөртүүчүсү, инсан тарыхый процесстин куралы, инсан тарыхтын катышуучусу катары жыйынтык чыгарылды.

***Ачкыч сөздөр:*** инсан, тарых, коом, лидер, саясий кырдаал.

## *ЛИЧНОСТНАЯ РОЛЬ НУЗУПА МИҢ БАШЫ В ИСТОРИЧЕСКОМ РОМАНЕ ТӨЛӨГӨНА КАСЫМБЕКОВА*

**Аннотация**

Данная научная статья направлена на раскрытие сущности влияния политических фигур на общество и историю. Автор отмечает, что каждый человек, обладающий качествами лидера влияет на исторический процесс, не отменяя регулярного развития. Вопрос об определении значения личности в истории был проанализирован на примере Нузупа минбашы – одно из главного героя исторического романа Тологона Касымбекова. Автор подчеркивает реальность Нузупа минбашы в литературе и истории. Так же был сделан вывод, что личность – орудия исторического процесса, личность – участник истории.

***Ключевые слова:*** личность, история, общество, лидер, политическая ситуация.

## *THE PERSONAL ROLE NUZUP MINBASHI IN THE HISTORICAL NOVEL BY TOLOGON KASYMBEKOV*

**Abstract**

This scienrific article is aimed at revealing the essence of the influence of political fiqures on society and history. The author notes that every person with the qualities of a leader influences the historical process without cancelin reqular development. The question of determininq the meaninq of personality in history was analyzed on the basis of Nuzup minbashi, the main character of the historical novel by Tologon Kasymbekov. The author emphasizes the reality of Nuzupa minbashi in literature and history. It was also concluded that personality is a modifier of history, personality is an instrument of the historical process, personality is a participant in history.

***Keywords:*** personality, history, society, leader, political situation..

Тарыхтагы инсандын ролу тууралуу маселе тээ байыртан эле кызыгууну жаратып келгендигине карабастан, бүгүнкү күндө да жогорку актуалдуулукка ээ болуп келет. Инсан таануу маселеси келечекте да өз актуалдуулугун жоготпой муундан-муунга кала бермекчи. Айрыкча, кыргыз эли эгемендикти алган күнгө жеткени, кыргыз тарыхын жаңыча илимий көз караштын элегинен өткөрүүгө жакшы шарт жаралып, тарыхый романдын барактарынан гана орун алып, тарыхый так баасы берилбей келген Нүзүп миңбашы сыяктуу тарыхый инсандардын тарыхын жазуу колго алынды.

Бул инсан тууралуу тарыхый маалыматтар көп болгондугуна карабастан, коомчулук көп мезгил бою Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» романы аркылуу таанып келгени да чындык. Бул роман Кокон хандыгынын өзөктүү окуяларын өз ичине камтып, бир катар даректүү тарыхый маалыматтар менен да толукталган баалуу чыгармалардын катарын толуктайт. Чыгармада, тарыхый окуялар, элдин жөнөкөй жашоо турмушу, саясий тирештер, башкаруучулук сапатка ээ инсандардын коомдогу аракеттери, улуу кыргыз элинин тунук акылы, ынтымагы же болбосо баш аламан аракеттери, кээ бир тарыхый инсандардын, баатырдык, көрөгөчтүк сапаттары баяндалган. Алп жазуучу Т. Касымбеков козгогон маселелердин арасынан инсан маселесине токтолсом, инсан деген ким, ал кандай сапаттарга ээ, анын тарыхтагы орду кандай, тарых инсанды жаратабы же инсан тарыхты жаратабы?

Инсан таануу маселеси дүйнө элдериндеги илимдин көп тармагын кызыктырып, бирдиктүү жана карама-каршылыктуу илимий пикирлер, көз-караштар менен толукталып келгендиги белгилүү.

Тарыхтын философиясы инсан таанууну, инсандын тарыхтагы ролун эки себептин негизинде карайт. Биринчиси, теоретикалык себеп, мында тарыхый процесстин мыйзам ченемдүүлүгү, жеке инсандын тарыхтын жүрүшүнө таасир этүүсү, же жөн гана тарыхый миссияны аткаруусу саналса, экинчиси, практикалык себеп, адамдар келечектеги өнүгүүгө таасир этеби, этсе, кантип деген себептер жана тигил же бул инсандын ролу тууралуу маселе кызыгууну жаратат: ал тарыхтын жолун өзгөртө алдыбы; мындай өзгөрүүдөн качууга болот беле жок беле; бул ишмерсиз эмне болмок.

Жогоруда айтылган ойду Төлөгөн Касымбеков адабий тилдин негизинде, тарыхый мыйзам ченемдүүлүк катары Борбордук Азиянын тарыхында ири хандыктардын бири болгон, XVIII-XIX кылымдардын экинчи жарымына чейин өкүм сүргөн Кокон хандыгынын жаралуусун, андагы хандыкты башкаруучулардын кээ бирлеринин тарыхтын жүрүшүнө таасир этүүсү, кээ биринин жөн эле хандык миссияны аткаруусу, практикалык ишмердүүлүк катары, хандыкты узак мөөнөткө кармап туруу же өзгөртүү аракеттери көркөмдөп бере алган[7.www.bizdin. kq].

Тарыхый романдан [7.www.bizdin. kq] жана тарыхый фактылардан, белгилүү окумуштуулардын эмгектеринен [2.8б.] белгилүү болгондой дал ошол Нүзүп миңбашы, Ажыбай датка, Ак бото, Назарбек, Алымбек датка, Алымкул аталык, Кедейбай датка, Полот хан сыяктуу инсандар тарыхты жаратат, өз кезегинде инсандын ролу тууралуу маселе менен байланышкан мыйзам ченемдүүлүк менен кокустуктун өз ара байланышы жөнүндөгү тарых философиясынын маанилүү маселеси келип чыгат.

Окумуштуулардын пикирине ылайык, ар бир адамдын жашоосу кокустуктардан турат: ал ушул же башка учурда төрөлөт, тигил же бул адам менен никеге турат, эрте эле жарык

дүйнө менен кош айтышат же узак жашайт. Мындай көрүнүштөр Төлөгөн Касымбековдун чыгармасынын да негизги мазмунунан орун алуу менен бирге бир жагынан бизге улуу жазуучу тарабынан жазылган тарыхый романдан жана тарых маалыматтарынан, Кокон хандыгындагы чечүүчү ролдо турган инсандардын алмашуусу (жада калса драмалашкан кырдаалдарда, хандыктын башчысын өлтүрүүдө же төңкөрүш жасоодо, кутум уюштурууда) чечүүчү өзгөрүүгө алып келбеген учурлар да бар. Экинчи жагынан, жогоруда белгиленген маалыматтарга ылайык, жада калса болбогон эле көрүнүш чечүүчү көрүнүшкө алып келген кырдаалдар да бар.

Автордун берейин деген оюн анализдөө менен чыгармадан мына ушундай кырдаалдарга кез болуп, тарыхый инсандардындын ролу эмнеден көз каранды экендигин түшүнүүгө боло тургандыгына ынанасын: алардын өзүнөн, тарыхый кырдаалдан, тарыхый мыйзам ченемдүүлүктөн жана кокустуктан же дароо баарынан, ошондо да кандай комбинациядан, канчалык деңгээлде экендигин аныктоо – абдан татаал экендигин белгилей кетүүгө туура келет.

Инсан таануу багытын изилдөөчүлөрдүн пикирине ылайык: «кандай болгондо да кокустук болуп өткөн соң, ал кокустук катары кабылданбастан чоң же аз деңгээлде келечекке таасир эткен аныктыкка айланаарын түшүнүү маанилүү. Демек, кандайдыр бир инсан пайда болуп, белгилүү бир роль менен бекилгенде (ошону менен башкалардын келүүсүнө жеңилдик же кыйындык) «кокустук кокустук болбой калат анткени, дал ошол инсанга алардын кандайча өнүгө тургандыгын аныктаган окуялардын издери жүктөлөт»» [5.183б]. Мындай көрүнүштөр Төлөгөн Касымбеков жазган тарыхый романдын өзөгүн түзгөн Кокон хандыгынын тарыхында бир нече ирет сүрөттөлөт [7.www.bizdin. kq].

Адабиятта, тарыхта, философиянын тарыхында тарыхый окуяларды алдын ала айтууга болбойт. Ошого байланыштуу ар кандай тарыхый көрүнүшкө баа берүү узак мезгилди талап кылат. Ошондой эле азыркы илим да тарыхый окуяларды алдын ала аныктоо идеясын жалпысынан четке кагат. Бул пикирди көрүнүктүү Француз социологу жана философу Р. Арондун сөзү менен бекемдесем: «Кимде ким тарыхый окуя, мурунку элементтердин бири чындыгында кандай болгондой болбосо дагы, башкача болмок эмес деп эсептесе, ал ошол оюн далилдеп берүүсү керек » [1.506,] . Демек, тарыхый окуялар алдын-ала аныкталбагандыктан, келечекте дагы көптөгөн альтернативалар бар жана ар кандай топтордун, алардын лидерлерининин иш-аракеттеринин натыйжасында өзгөрүшү мүмкүн. Маселен, чыгармада жана реалдуу тарыхта Шералы хандын, Полот хандын лидер катары пайда болуусу.

Инсан – баары үчүн потенциалдуу маанилүү роль, анын ишмердигинин алгылыктуу жагы байкалган менен көпчүлүк учурда кесепеттерин көбүнчө алысты айтпаганда деле жакындар да көрүшпөйт, анткени тарыхый процесстер абдан татаал жана убакыттын өтүшү менен болуп өткөн окуянын ачылбаган жактары белгилүү боло баштайт. Жогоруда айтылган ойдун жазуучунун чыгармасынан да орун алгандыгын байкоого болот. Маселен, Шералыны хан тактысына отургузуу, Нүзүп миңбашы сыяктуу чыгаандардын ажал табуусу менен аяктоосу. Ошол эле учурда адам аракеттүүлүгү, аракетсиздиги менен түз же кыйыр түрдө олуттуу таасир этүүсү мүмкүн, ал эми тарыхтагы жана коомдун андан-ары өнүгүүсүндөгү анын белгилүү кадамы оң ошол эле мезгилде терс кабылдануусу, ошондой эле көбүнчө белгисиз калуусу (Нүзүп миңбашынын, Алымбек датканын, Кедейбай датканын, Полот хандын, Мамыр баатырдын мисалында), инсанды баалоо саясий жана улуттук көз караштан

көз каранды болуусу мүмкүн. Маселен, Кокон хандыгынын мезгилинде чечүүчүү ролдордо турган инсандарыбыздын көп мезгил өз тарыхынын барактарына жазылбай келиши.

Инсан, инсандын тарыхтагы ролун изилдөө аракетин ишке ашыруу үчүн бир катар усулдарга жана көз караштарга кайрылайын. Мындай көз карашты сунуштаган окумуштуу: «провиденциалистик көз карашка ылайык, кандайдыр бир реалдуу тарыхтан сырткы күчтү тааный турган болсок (Кудай, тагдыр, «темир» мыйзамдары ж.б.), анда инсанды белгилүү бир алдын ала аныкталган программа аркылуу ишке ашкан тарыхтын инструменти деп эсептөө абдан логикалуу. Бирок тарыхта өтө эле көп окуялар персоналдаштырылат, демек, инсандын ролу көп учурда өзгөчө мааниге ээ. Тарыхый окуядагы инсандын ролу жана кокустук биринчи жана түздөн-түз элемент болуп саналат» [1.506б; 9].

Окумуштуунун пикирине кошулуу менен адабият айдыңындагы алп жазуучу Төлөгөн Касымбековдун персоналдаштырылган тарыхый окуялары жана ага катышкан каармандарынын башкаруучулук, баатырдык, акылгөйлүк, инсандык сапаттарынын сүрөттөлүшү тарыхтагы инсандардын өзгөчө ролун коомчулукка жеткирүүдө, инсан таануучулардан кем калбагандыгынан кабар берет.

Тактап айтканда, Т.Касымбеков сүрөттөгөн дал ошол лидерлердин аракети (Нүзүп миңбашы, Алымбек датка, Ак бото, Назарбек ж.б.) курч кырдаалдагы ар түрдүү тенденциянын тагдырын жана карама-каршылыктын келип чыгышын аныктайт. Экинчи жагынан, Т. Касымбековдун чыгармасында тарыхый романдын каармандары катары, ал эми тарыхта реалдуу лидер катары (Нүзүп миңбашы ж.б. сыяктуу) белгилүү болгон инсандардын ролу коомдук түзүлүш жана коомдук кырдаал менен шартталганын эске алуу керек: кээ бир доордо (көбүнчө узак) чыгаандар аз, кээде (кыска убакыт) бүт баары чыгаан. Тилекке каршы инсандын ролу ар дайым эле инсандык интеллектуалдык жана адеп-ахлак сапаттарга пропорционалдуу боло бербеген учурлары да кездешет. К. Каутский белгилегендей: «Мындай көрүнүктүү инсандарды сөзсүз эле гений катары эсептөөгө болбойт. Орто жана ортодон төмөн деңгээлдегилер, ошондой эле балдар кээде акмактар чоң бийликтин колунда болсо, тарыхый инсан боло алышат» [3.687б]. Ал эми Төлөгөн Касымбеков бул көрүнүштөн да четтеп өтпөстөн, тескерисинче, өз чыгармасынан кеңири орун берген. Маселен, Кудаяр хандын жаш чагынан хан көтөрүлүшү, Шералынын хан тактысына ээлик кылгандыгына карабастан, мажирөө адам (бирок, тарыхый мааламаттар башкача сүрөттөйт) катары сүрөттөлүшү.

Инсан темасына көңүл бурулуп жаткан соң, инсандын тарыхтагы ролу тууралуу маселеге өтө жогорку деңгээлде анализ бергендердин бири катары Г.В. Плеханов таанымал. Ал: «Инсандын ролу жана анын ишмердүүлүгүнүн чектери коомду уюштуруу менен аныкталат жана инсандын мүнөзү коомдук мамилелер кайда, качан жана канчалык мүмкүнчүлүк берсе ошончолук гана өнүгүүнүн «фактору» болуп саналат [6.322б] дейт. Мында, чындыктын үлүшү бар экендигин айткан окумуштуу, бирок коомдун табияты өзүм билемдикке (тарыхта көп кездешкен окуя) мүмкүнчүлүк берсе, Плехановдук жобо иштебейт. Мындай кырдаалда өнүгүү көбүнчө башкаруучунун каалоолоруна, жеке сапаттарына көз каранды болуп калат жана коомдук күчтү өзүнө керек багытка бура тургандыгына токтолот. Плехановдук жобого туура келбеген көрүнүш Т. Касымбеков сүрөттөгөн Кокон хандыгынын тактысында олтурган бир катар ханддарга таандык экендиги маалым.

Жогоруда Төлөгөн Касымбековдун тарыхый романындагы инсан маселесин чечмелөө аракетин жасадым. Эми Төлөгөн Касымбеков көркөм анализде берген Нүзүп миңбашынын

тарыхый аспектидеги илимий анализине токтоло кетейин. Тарыхта XVIII-XIX кылымдардын экинчи жарымына чейин Кокон хандыгы өкүм сүргөндүгү, ошол мезгилдеги кыргыздардын тарыхы анын ажырагыс бир бөлүгү экендиги, алардын хандыктын түптөлүшүнө, гүлдөп өнүгүүсүнө салым кошуусу белгилүү.

Окумуштуу Ж.Б. Алымбаевдин пикирине ылайык, «атаандаш эки-үч саясий топтун ортосундагы перманенттик мүнөздөгү жүргөн так талашуу учурунда атаандаш тараптар саясий аренага өздөрүнүн саясий иш билги адамдарын алып чыккандыгы белгилүү. Кокон хандыгынын аскердик, саясий турмушунда активдүү роль ойногон чыгаан инсандардын бири Нүзүп миңбашы» [2.8б] деген илимий көз карашы адабий жана илимий негизде реалдуулук чагылдырылгандыгынан, Нүзүп миңбашынын башкаруучулук жана инсандык сапаттарынан кабар берет.

Жаңы тарыхтын барактарынан Кокон хандыгында таасирдүү ролдо турган кыргыздын мындай инсандарын көп эле кездештирүүгө болот [4.17б; 8].

Жыйынтыктап айтканда, коом бардык инсандардын өз ара аракеттеринен турат. Ошондоуктан ар бир инсан тарыхый көрүнүшкө өз таасирин тийгизет. Ал эми таасирдүүлүгү коомдук абалдан көз каранды. Кандай болгондо да инсан бир жагынан коомго экинчи жагынан, конкреттүү адамдарга таасир эте тургандыгы Нүзүп миңбашынын мисалында белгилүү болду. Демек, Нүзүп сыяктуу чыгаан инсандар тарыхтын жүрүшүнө орчундуу таасир калтыра тургандыгын адабият жана тарых барактары далилдеп турат.

**Колдонулган адабияттар**


1. Арон, Р. 1993. Этапы развития социологической мысли. М.: Прогресс.
2. Алымбаев Ж.Б. Кокон хандыгы жана Нүзүп миңбашы Бишкек 2015, 8б.
3. Каутский, К. 1931. Материалистическое понимание истории. Т. 2. М.; Л.
4. Кененсариев Т.К. Алымкул Амир Лашкар Бишкек 2019, 17б.
5. Лабриола, А. 1960. Очерки материалистического понимания истории. М.: Наука.
6. Плеханов, Г. В. 1956. К вопросу о роли личности в истории. Избранные философские произведения: в 5 т. Т. 2 (с. 300–334). М.: Гос. изд-во полит. литературы.
7. www.bizdin. kq.
8. Колбаева, Г.И. Т. Касымбеков жана "Сынган кылыч" романы / Г. И. Колбаева // *Вестник Ошского государственного университета*. – 2021. – Vol. 2, No. 4. – P. 890-898. – DOI 10.52754/16947452_2021_2_4_890. – EDN: PUWWUX.
9. Раимбердиева, З.С. Төлөгөн Касымбековдун “Сынган кылыч” тарыхый романында кездешкен диний түшүнүктөрдүн адеп-ыймандык маанисин окутуунун ыкмалары / З. С. Раимбердиева, А. Маматова // *Вестник Ошского государственного университета*. – 2021. – Vol. 2, No. 4. – P. 437-442. – DOI 10.52754/16947452_2021_2_4_437. – EDN: SYDZYF.